М.М. Ташалиеванын "Памир өрөөнүндөгү кыргыздардын үйлөнүү тою салты (XIX к. аягы-XX к. башы)" ) 07.00.07.-этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык илимий изилдөө ишине

ПИКИР

Тажикстан Республикасынын чыгыш тарабынан орун алган, белгилүү бийик тоолуу (деңиз деңгээлинен 4700 м.бийиктикте) географиялык шарты өтө татаал, қыш, күз, жаз айлары көпкө созулган, ал эми жай айлары кыска болгон Памир өрөөнүндөгү Сары-Колдо орто кылымдан бери ичкилик тобуна кирген (тейит, найман,кесек, кыдырша, кызыл аяк ж.б.) кыргыз элинин анча көп эмес бөлүгү (азыркы мезгилде 15000 ашык) саясий жана социалдык себептердин негизинде орун алып калган. Узак убакытка чейин обочолонуп жашап калышы, салыштырмалуу негизги этностун бөлүгү менен ар кандай социалдык байланыштын сейрек болушу алардын арасында салттуу салт-санаалардын ушул мезгилге чейин сакталып калышына өбөлгө түзгөн. Ошону менен бирге кыргыз этносунун бул бөлүгүнүн географиялык катаал бийик тоолуу шартта жашап жана эмгектениши, демографиялык жактан өсүп-өнүгүшү, "сырткы дүйнө" менен болгон байланышы, салттуу чарба менен руханий маданияттын сакталып келиши, алардын бүгүнкү күнгө чейин жетиши ар дайым дүйнө окумуштууларын кызыктырып келет.

Кыргыз этнология илими үчүн кыргыздардын сары-колдук кыргыздарды изилдөө, алардын Памирге келип калышынын саясий, социалдык-экономикалык себептерин, экологиялык катаал шартта өзүлөрүнүн чарбалык-маданий өзгөчөлүктөрүн сактап жана өнүктүрүп келиши, этностук өзүн-өзү таануусун улантkандыгын аныктоого жардам берет. Ошону менен бирге обочолонуп, географиялык катаал шартта жашап, кыргыз элинин салттуу чарбасын жана маданиятын сактап келгендиктен, аларды изилдөө менен, жалпы эле кыргыз элинин тарыхый чарбалык-маданий түрүнүн өзгөчөлүктөрүн окуп үйрөнүүгө шарт түзөт. Себеби азыркы ааламдашуу шартында Кыргызстандагы жашаган кыргыз этносунун чарбадагы жана маданиятындагы көптөгөн салттуу

өзгөчөлүктөр ылдамдык менен жоголуп бара жатат. Ошондуктан мүмкүн болушунча, кыргыздардын салттуу чарбасы жана маданияты көбүрөөк сакталган аймактарды изилдеп калуу, азыркы кыргыз этнология илиминин негизги милдеттеринин бири болуп саналат.

Мукарам Ташалиеванын диссертациялык илимий изилдөөсү кыргыз этнология илиминдеги ушундай актуалдуу жана этнологдор тарабынан көп изилденбеген, же болбосо деле изилденбеген темага арналган.

Илимий изилдөө негизинен этнографиялык талаа булактарына таянып жазылган. Автордун кыргыз этнология илимине сиңирген чоң эмгегинин бири, ал Сары-Кол өрөөнүнө 2015-2018жж. этнология экспедициясын уюштуруп, төрт жолу 3-4 жума Памирдеги болгон беш айыл жамааттардын бардыгында болуп, сарыколдуктардын арасында жашап, байкоолорду жүргүзүп, интервьюларды алып, ошонун негизинде диссертациялык илимий ишти жазгандыгында.

М.Ташалиева кыргыз этнология илиминде алгачкылардан болуп, XIX к. аягы XX к. башындагы сарыколдук кыргыздардын салттуу үйлөнүү тоюн, жаштардын үй-бүлө курушун жеке өзүнүн талаа материалдарынын негизинде изилдеп чыкты. Ошону менен бирге өзү, жеке авторлук 145 минуталык видеофильм, 300 жакын фотосүрөттөрдү жана 10 ашык колдон тартылган көркөм сүрөттөрдү тартып келип, кыргыз этнология илимин визуалдык этнология менен да байытты.Бул визуалдык тартылып келинген видеосүрөт материалдар мындан ары да кыргыз этнология илиминин кенчи болуп калды жана кийинки изилдөөчүлөр үчүн чоң сабак болот.

Памирликтердин салттуу үйлөнүү тоюн изилдеп ачып жатып, М.Ташалиева, мурун кыргыз этнология илимине белгисиз болгон салт-санааларды алгачкылардан болуп, илимий айлампага киргизди жана аларды жалпы кыргыз этносуна таандык экенин алгачкылардан болуп далилдеди.

Автор сарыколдук кыргыздардын үйлөнүү тоюн изилдөө мезгилинде жана аларды ачып берип жатып, Тажикстан Республикасына караштуу

каратегиндик, Афганистанга караган Улуу Памир жана Кичи Памирлик, Кытай Эл Республикасына караштуу памирлик жана Кыргызстандагы ичкилик тобуна кирген кыргыздардын (Баткен өрөөнүндө жашаган) үйлөнүү салты менен салыштырып, алардын жалпылыгын жана өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөткөндүгү, анын илимий ишинин деңгээлин жогорулатты.

Ошондой эле, М.Ташалиеванын памирлик кыргыздардын үйлөнүү тою салтынын каада-салттарын жалпы түрк тилдүү элдеринин, өзгөчө өзбек этносунун, жана кошуна жашаган тажик этносунун үйлөнүү салтындагы окшоштуктар менен өзгөчөлүктөрдү карап өтүшү илимий иштин маанилүүлүгүн бекемдейт.

Автор өзүнүн изилдөөсүндө англис, француз тилинде XIX –XX кк. жарык көргөн батыш өлкөлөрүндөгү саякатчылардын, аскер кызматкерлеринин жана окумуштуулардын илимий эмгектерин өз оргиналында окуп, аларды илимий эмгегине пайдаланышы анын илимий эмгегинин жогорку деңгээлде жазылгандыгын айгинелейт.

Жыйынтыктап айтканда, М.Ташалиеванын диссертацисы өзүнчө жана атайын памирлик кыргыздардын үйлөнүү тоюна арналган, ар тараптан изилденген, коюлган максат менен милдеттер толугу менен чечилип, аягына чыккан жана кыргыз этнология илимине өзүнүн салмактуу салымын кошкон оргиналдуу илимий изилдөө болуп саналат жана коргоого сунушталат.

Илимий жетекчи, т.и.д.,проф.,
КУИА нын корр- мүчө. А.Асанканов